**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
**Социалдык-гуманитардык илимдер институту**
**Социология жана социалдык иштер кафедрасы**

# МААЛЫМАТ КАТ

**Урматтуу кесиптештер!**

2025-жылдын 24-апрелинде Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети **"Борбордук Азиядагы заманбап этнодемографиялык процесстер"** аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрөт. Конференция Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана көрүнүктүү илимпоз-энциклопедист, Кыргыз ССРнин илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти **Асанбек Табалдиевдин** 90 жылдыгына арналат.

Конференциянын максаты – этносоциологиялык маданий мурастын жана иденттүүлүктүн маанилүү маселелерине, ошондой эле профессор Асанбек Табалдиевдин бул илимий көйгөйлөрдү изилдөөдө кошкон салымын чагылдырууга арналат. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын социалдык-экономикалык, тилдик-маданий, этностор аралык жана башка алкагында этнодемографиялык процесстерге, этностор аралык мамилелерди изилдөөгө, маданий мурастарды сактоого ошондой эле Кыргызстанда, жалпы эле Борбордук Азия өлкөлөрүндө улуттук жана жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга байланышкан актуалдуу темалар талкууланат.

Эл аралык илимий-практикалык конференция өзүнүн ишин 2025 - жылдын 24-апрелинде Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университинин базасында өткөрөт.
**Конференциянын ишине талкууга коюлган негизги темалар:**

- Профессор Асанбек Табалдиевдин Кыргызстанда социология илимине кошкон салымы;
- Этносоциология дүйнөлүк интеграциянын контекстиндеги орду;
- Борбордук Азияда жашаган улуттардын маданий мурастарын изилдөө жана иденттүүлүк маселелери;
- Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү иденттүүлүк көйгөйлөрү жана маданияттар аралык диалог;
- Санариптештирүү шартында социологиялык илим изилдөөнүн актуалдуу маселелери;
- Заманбап шарттарда жаш муундарды тарбиялоодогу этнопедагогикалык көйгөйлөр;
- Ааламдашуу шарттарында Борбордук Азиядагы социалдык - этникалык өзгөрүүлөр.

Конференциянын алкагында өзүнчө студенттик секция ишин алып барат.

**Конференциянын жумушчу тилдери:** кыргыз, орус, англис.

Илимий-практикалык конференциянын ишине сунушталган докладдар жана илимий макалалар "КУУнун Жарчысы" илимий агартуу журналына жарыяланат. Илимий-практикалык конференция Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин башкы корпусунун чоң жыйындар залында (оффлайн жана онлайн) форматында өткөрүлөт. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547, 247- жыйындар залы).

**Конференциянын материалдарын берүүнүн шарттары жана мөөнөттөрү:**

Конференцияга катышуу жана илимий макалаларды жарыялоо үчүн (7 беттен ашык эмес) макаланын текстин 2025-жылдын 13-апрелине чейин конференциянын уюштуруу комитетининин электрондук почтасына жөнөтүлүшү шарт: sociology@knu.kg Уюштуруу

комитети берилген материалдарды тандап алуу жана техникалык жактан оңдоо укугун өзүнө калтырат. Эскертүү!! Төмөндөгү талаптарга жооп бербеген макалалар жарыяланбайт.

**Илимий макалаларга коюлган талаптар:**

1. Макаланын УДКсы коюлушу керек, (биринчи бетте жогорку сол тарапта).
2. Автордун фамилиясы, аты, атасынын аты (инициалдары толук болушу шарт).
3. Макаланын аталышы так жана маалыматтуу болушу керек, макаланы жазуунун максаттарына жана милдеттерине ылайыктуу келиши шарт (кыргыз, орус жана англис тилдеринде), (кичине) тамгалар менен, зарыл учурларда гана баш тамгалар колдонулушу керек.
4. Аннотациясы - кыргыз, орус, англис тилдеринде (ар бир аннотация үчүн 500 белгиден кем эмес болушу керек).
5. Негизги сөздөр жана сөз айкаштары - (5-8 сөздөн кем эмес) кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет. Ачкыч сөздөр жана сөз айкаштары символ менен ажыратылат; (үтүрлүү чекит). Аббревиатураларды жана кыскартууларды колдонууга жол берилбейт.
6. Макаланын көлөмү машинкада басылган тексттин 7 барагынан ашпашы керек. Бардык биринчи жолу колдонулган аббревиатуралар чечмелениши керек;
7. Адабияттардын тизмеси ГОСТ Р 7.0.7-2009 “Журналдардагы жана жыйнактардагы макалалар” талаптарына ылайык болушу шарт.

• Ар кандай түрдө өзүнө – өзү шилтеме берүү жана бир авторго бир нече жолу шилтеме келтирүүгө тыюу салынат жана негизсиз катары алынып салынат (буга чейин жарыяланган изилдөөнүн башталышына шилтеме же ушул сыяктуу шилтеме (2ден ашык эмес болушу керек).

• Изилдөө темасы боюнча чет өлкөлүк авторлордун – адистердин эки же андан көп шилтемесин келтирүү сунушталат (оригиналдуу тилде, журналдардагы макалаларга).

**Макаланын электрондук нускасынын милдеттүү параметрлери:**

- doc форматындагы файл (кагаздагы түпнуска менен салыштыруу үчүн);
- Times New Roman шрифти, 12 шрифт, сап аралыгы 1, барактын четтери бардык жерде 2 см;
- шилтемелер чарчы [1] кашааларда айтылгандай;

**Таблицаларды жана диаграммаларды жасалгалоо:**

- (фото, сүрөттөр, графиктер, схемалар) тизмектелүүгө жана аталышы жазылыш керек;
- көрүү формулалар (Equation) редакторунда терилиши керек же MathType программасында;
- графиктердеги жана чиймелердеги жазуулар жана башка белгилер түшүнүктүү жана окууга оңой болушу керек.

**Макаланын автору (авторлору) жөнүндө маалымат:**

- ✓ Фамилиясы, аты жөнү, атасынын аты толук көрсөтүлүшү шарт;
- ✓ Иштеген жери шаары менен толук жазылышы керек;
- ✓ Кызмат орду жана илимий даражасы;
- ✓ Автордун (авторлорунун) байланыш маалыматтарын (телефон, e-mail) камтыйт.

**УЮШТУРУУ КОМИТЕТИ**